БАНК КОМПАНЬОН

**Жеке ишкерлерге банктык эсеп ачуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси**

**Юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердикти жүзөгө ашырган жеке адамдар (жеке ишкерлер) үчүн:**

**а)** Жеке ишкерлердын банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арызы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** инсандыгын күбөлөндүргөн документи (андан көчүрмөсү алынат);

**в)** бенефициардык ээси бар болгон учурда – анын анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** Кардар коомдук кызмат адамы болуп саналса – атайын анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**д)** ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген жана жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү фактысын тастыктаган, белгиленген формадагы документтин (күбөлүктүн) же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда мамлекеттик каттоодон өтүүсүз ишкердикти жүргүзүп жаткандыгы фактысын тастыктаган документтин (патенттин) Кардар өзү тарабынан (колтамгасы жана бар болгон шартта мөөрү менен) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**е)** КР мыйзамдарына ылайык милдеттүү түрдө лицензиялануугa тийиш болгон ишкердикти жүргүзүүгө укукка лицензиянын/күбөлүктүн (бар болгон шартта) Кардар өзү тарабынан (колтамгасы жана бар болгон шартта мөөрү менен) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.

***Эскертүү:***

- Банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде түзүлгөн болсо, ошол документтин котормочу мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине котормосу берилүүгө тийиш.